*Асан уулу К., Саргашкаев Э.А.*

# КОЙ ӨСТҮРҮҮНҮН РОЛУ ЖАНА ЭКОНОМИКАЛЫК МААНИСИ

***Аннотация:*** *Республикада мал чарбачылыктын ири салттуу тармактарынын бири кой өстүрүү болуп саналат. Анын жетектөөчү ролу кой өстүрүү үчүн көбүрөөк жагымдуу табияттык-климаттык шарттар менен шартталган.*

Кой өстүрүү өнөр жай үчүн баалуу жүн, мехтик жана тондук кой тери, көрпө өндүү чийкизаттарды берет. Жүндөн алмашылгыс камвол жана ноту кездемелерин, трикотаж кийимдерин, шейшептерди, килемдерди ж.б.у.с. иштеп чыгышат. Натуралдык жүндөн тигилүү кийимдерге суроо-талап жылдан жылга өсүүдө, бул кой өстүрүүнү өнүктүрүүгө түрткү болот. Кой эти жергиликтүү калктын баалуу тамак-аш азыгы жана чоң суроо-талап менен колдонулат.

Республика жалпы союздук эмгекти бөлүштүрүү боюнча уяң жүндүү жүндүн өндүрүүчүсү катары чыккан. Кыргызстандын окумуштуулары койдун кыргыз уяң жүндүү, тяньшань жарым уяң жүндүү жана алай жарым кылчык жүндүү породаларын түзүшкөн.

Кыргыз уяң жүндүү кой породасы жүн-эт багытына кирет да, республиканын бардык облустарында өстүрүлөт. Койдун 1 башынан жүн кыркып алуу 4-5 кг чейин камволдук жүндү түзөт, союлуучу козуларынын тирүү салмагы 30 кг түзөт. Уяң жүндүү кой өстүрүүнү өнүктүрүү кыргыз уяң жүндүү кой породасын көбөйтүүгө жана аны таза породалык өстүрүүдө андан ары өркүндөтүүгө багытталган болууга тийиш. Кыргыз уяң жүндүү породасынын асыл тукумдук жана өнүмдүк сапаттарын жакшыртуу үчүн австралиялык меринос койлор менен аргындаштыруу, канн алмаштыруу жүргүзүлөт.

Жарым уяң жүндүү – кроссбреддик жүнгө суроо-талаптын өсүүсү менен республикада тяньшань жарым уяң жүндүү кой породасы түзүлгөн. Ал Нарын, Ак-Талаа жана Тогуз-Торо райондорунун чарбаларында өстүрүлөт. Бул породанын койлору ири, эттик-сүттүк сапаттарга ээ жана багуунун тоолуу-жайыттык шарттарына жакшы ыңгайлашкан. Бул породадагы койдун жүнү ак, жакшы билинген ири тармалы жана люстралык жалтылдагы бар. Жүнүнүн узундугу – 15-20 см. Козусу чыйрак туулат да, 4 айында союуга тирүү салмагы 33-35 кг түзөт.

Республикада алай куйруктуу жарым кылчык жүндүү кой породасы чыгарылган. Жарым кылчык жүндүү кой өстүрүү Алай, Чоң-Алай жана Кара-Кулжа райондорунун чарбаларында өнүгүүдө. Алай породасындагы кой эт-жүн багытына кирет да, сапаттуу май менен эт берет. Жүн кыркып алуу 2,7-3 кг түзөт. Козусу ири туулат да, ылдам өсөт. Сойгондо беш айлык козу 20-23 кг салмак басат, анын ичинде 3-4 кг куйрук май берет. Койдун жүнү жарым кылчык, узун, аз-маз жалтылдак жана тармалдуу. Ал килем өндүрүү үчүн өнөр жайга тапшырылат.

Республикада кой өстүрүүнүн жайыттык-короолук, жайыттык-жарым короолук жана жайыттык тутумдары түзүлгөн.

Жайыттык-короолук тутум кышкы жайыттарга ээ болбогон жана койду кыш мезгилинде короолук кармоону колдонгон дыйканчылык интенсивдүү өнүккөн чарбаларда түптөлгөн. Бул чарбалардын оторунун түзүмүндө тубарлардын үлүштүк салмагы 70%дан ашуунду түзөт.

Жайыттык-жарым короолук тутум кышкы жайыттары жана койлорду кыш мезгилинде толук баалуу кошумча тоюттандырууну камсыздоо мүмкүнчүлүгү бар чарбаларда жайылган. Бул тутумда койлорду жазында, жайында жана күзүндө жайыттарда, ал эми кышкысын жайыттарды жана кошумча тоюттандырууну колдонуп багышат.

Жайыттык тутум талаа тоют өндүрүү мүмкүнчүлүгү аз, кышкы жана жайкы жайыттардын чоң аянтына ээ чарбаларда колдонулат. Республиканын бардык региондору бөксө тоолуу жана тоолуу табигый жайыттардын кеңири аймактарына ээ дагы, буга ылайык, кой өстүрүшөт. Советтик мезгилде 100 га жайытка койдун тыгыздыгы 113 башты түзгөн, ал эми 2010-жылы эки эсеге аз – 55 баш болуп калган.

Реформанын жүрүшүндө бул тармак өндүрүш көлөмдөрүн көбүрөөк кескин азайткан, ал эми койдун башы 1990-жылдагы 9972,5 миң баштан 2010-жылдагы 5037,7 башка, же дээрлик 2,0 эсеге кыскарган. Ушул эле мезгилде тубар койлордун үлүштүк салмагы 45,2%дан 70%га чейин өскөн. Кой этин өндүрүү 2000-жылга чейин кыскарган, ал эми кийинки жылдарда анын көлөмү 26%дын чектеринде турукташкан.

Жалпысынан кой өстүрүү кризистик абалда турат. Асыл тукум жаныбарлардын башы кыскарды, кой өстүрүүнүн адистешүүсү түп тамырынан өзгөрдү. Ал кылчык жүн жана майы көп эт берүүчү эт-май багытында болуп калды.

Ош, Чүй облустарында эт азыктарына суроо-талап өстү да, башка облустарга караганда түзүмдүк башка кой эти кыйла көп өндүрүлөт. 100 га жайытка койдун тыгыздыгы Нарын жана Ысык-Көл облустарында абдан

төмөн. Бул облустар айдап барма жана алыскы жайыттардын зор аянтына ээ, алар азырынча жетишсиз колдонулууда.

Койдун чоң саны Жала-Абад (19,8%), Ош (19%) жана Нарын (17,5%) облустарында топтолгон.

Кыргызстанда кой өстүрүү жайыттык-короолук, жайыттык тутумдарды колдонуп жана зор мамлекеттик колдоо алып, ийгиликтүү өнүккөн жана рентабелдүү тармак болгон.

Азыркы мезгилде 1 ц жүндүн өздүк наркы 2440 сомду, ал эми сатып өткөрүү баасы 2475 сомду түзөт, жүндүн рентабелдүүлүгү 1,5%ды, кой этиники (тирүү салмакта) буга ылайык 8075 жана 8544 сомду же 5,5%ды түзөт.

Базар мамилелерине өтүү шарттарында койдун породалуу башынын үлүштүк салмагы кескин азайды. Кылчык жүндүү койдун башынын көбөйүүсү менен бир койдон жүн кыркып алуу 2010-жылы 2,6 кг түздү. Ошол эле маалда союуга сатып өткөрүлгөн койдун бир башынын орточо тирүү салмагы салыштырмалуу төмөн – 36 кг бойдон калууда. Республикада кой өстүрүүнү, өзгөчө уяң жүндүү жана жарым уяң жүндүү багыттагы, андан ары өнүктүрүү үчүн бардык шарттар бар.

**Адабияттар:**


1. Жумабаев Ж. Экономическая эффективность сельского хозяйства в переходной экономике. – Бишкек: 2004.

2. Омуралиева Д.К. Проблемы развития рыночных аграрных формирований. – Бишкек: 2003.

3. Нуралиева Н.М. Эффективность организации интегрированного производства сельскохозяйственной продукции // Известия вузов. – Бишкек, 2011. –№4. - С. 55-57.

4. Саргашкаев Э.А. Төрт түлүк мал багуу – кыргыздардын негизги чарбалык маданияты катарында // Известия вузов. – Бишкек, 2011. № 4.-142-143 б.

5. Саргашкаев Э.А. Кыргыз элинин кой багып өстүрүүдөгү өзгөчөлүктөрү // Известия вузов. – Бишкек, 2013. № 5.-48-51 б.


***Рецензент: э.и.к., доцент Асанов Ж.А.***